УДК: 1(091)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-3-432-436

**Догдурбек Назар**
ага окутуучусу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Догдурбек Назар**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Dogdurbek Nazar**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after Arabaeva
**Бейшенова А.Т.**
филос. илим. док., проф. м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Бейшенова А.Т.**
док. филос. наук, и.о. проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Beishenova A.T.**
Doctor of Philosophy, Acting Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙДА КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООДОГУ КООМДУК ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДИН МААНИСИ ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ
# ЗНАЧЕНИЕ И ФУНКЦИИ ОБЩЕСТВЕННОГО ГУМАНИТАРНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ПОДГОТОВКЕ КАДРОВ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ УЧИЛИЩЕ
# THE IMPORTANCE AND FUNCTIONS OF PUBLIC HUMANITARIAN EDUCATION IN THE TRAINING OF PERSONNEL IN THE PEDAGOGICAL COLLEGE

**Аннотация.** Макалада педагогикалык кадрларды даярдоодо, алардын руханий-социалдык деңгээлин калыптандыруу процессинде коомдук-гуманитардык билимдердин ролу, мааниси, функциялары каралган. Азыркы цивилизация инсандын профессионалдык кесип алуу процессиндеги интеллектуалдык компонент мобилдүү жана динамикалуу болуусун талап кылууда. Коомдук-гуманитардык илимдери ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүн, кругозордун кең болушун, көп кырдуулугун, интуитивдик, эмоционалдык-сезимдик, визуалдык-образдуу жана логикалык ой жүгүртүү багыттарын калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Интеллектуалдык-руханий жактан жогорку деңгээлдеги, активдүү жана чыгармачыл кесиптик деңгээли бийик, алдыңкы ой жүгүртүүсү бар адис гана учурдагы коомдогу социалдык мамилелердин өнүгүүсүнө ылайык келген кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзө алат.

**Аннотация.** Социально-гуманитарные знания играют важную роль в процессе духовного и социального развития личности, консолидации ее мировоззрения и обретении активной социальной позиции. Интеллектуальная составляющая в структуре профессионального сознания индивида информационной эпохи должна быть подвижной и динамичной. Новый стиль мышления в современных социально-гуманитарных науках включает в себя неизбежное изменение моделей познавательной деятельности, он требует единства процессов и методов научного познания, гибкости и многомерности мышления, взаимосвязи интуитивного, эмоционального, чувственного и логического мышления. Только

специалист с творческим профессиональным мышлением способен действовать в соответствии с уровнем современного общества.

**Annotation.** Social-humanitarian knowledge has a major role in the course of spiritual and social development of an individual, the consolidation of his Weltanschauung and obtaining active social position. The intellectual component in structure of professional consciousness of the individual of an Informational Age should be agile and dynamical. New style of thinking in the modern social-humanities includes the inevitable change of cognitive activity patterns: it requires unity of processes and methods of scientific knowledge, flexibility and multidimensional nature of thinking, interrelation of intuitive, emotional, sensual and logic thinking. Only the expert with creative professional thinking pattern is capable to act accordingly to the level of modern society.

**Негизги сөздөр:** коомдук-гуманитардык билим, инсан, инсандын руханий жана социалдык өнүгүүсү, чыгармачыл ой жүгүртүү, коом.

**Ключевые слова:** социально-гуманитарные знания, личность, духовное и социальное развитие личности, творческое мышление, общество.

**Keywords:** socio-humanitarian knowledge, personality, spiritual and social development of personality, creative thinking, society.

Ар бир инсандын, адистин жогорку деңгээлде жетилип, калыптанышы жана коомдун улуттук-мамлекеттик коопсуздугу руханий чөйрө менен тыгыз байланышта экендиги белгилүү. Мисалы, акыркы кезде туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууда билим берүүнүн ролу жөнүндөгү маселеге көңүл буруу тынымсыз өсүүдө. 2021-жылдын 17-19-майында Берлинде Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү боюнча ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк конференциясында туруктуу өнүгүүгө технология, саясий жөнгө салуу же финансылык механизмдер аркылуу гана жетишүү мүмкүн эместиги белгиленди [1].

Демек, руханий өсүп-өнүгүүгө жана маданиятка терең таасири бар билим берүүнүн социалдык-гуманитардык бөлүгү жалпы коомчулуктун жана окумуштуулардын көңүл борборунда турушу абзел. Билим берүү – бул билим алуу процесси гана эмес, ошондой эле бардык курактагы адамдарга адамдын жана адамзаттын, коомдун өнүгүү проблемаларын компетенттүү түшүнүүгө, аларды чечүүгө профессионалдуу катышууга жана келечек үчүн жоопкерчиликтүү болууга багытталган бардык иш-чараларды камтыйт.

Айрыкча педагогикалык окуу жайда кадрларды даярдоодогу коомдук гуманитардык билим берүү маселеси абдан актуалдуу. Студенттердин сапаттуу гуманитардык билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейтилиши, гуманитардык циклдин дисциплиналары боюнча окутуу жүктөмү, ошондой эле анын мазмунун, структурасын өзгөртүү, менин байкашымча, азыр ар бир жогорку окуу жайдын алдында турган актуалдуу иштердин бирине айланууда.

Кыргызстанда педагогикалык жогорку билим берүү олуттуу өзгөрдү. Маалыматтык жана онлайн технологиялардын тез өнүгүшү, студенттердин жана мугалимдердин мобилдүүлүгү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн кеңейиши, илимий изилдөөлөрдүн ролунун жогорулашы, билим берүү программаларынын мазмунундагы структуралык кайра өзгөртүүлөр, аларды ишке ашыруунун спектрин жана моделдерин кеңейтүү алдыңкы билим берүүнүн жаңы моделин иштеп чыгуу зарыл. Бул моделдин калыптанышында, биздин оюбузча, эң маанилүү роль гуманитардык билимге жана илимге таандык.

Адамды тарбиялоодо гуманитардык билимдердин тамыры терең. Биздин И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча, жаш муундардын социалдык жана гуманитардык билимдерге муктаждыгы бар деген тыянак чыгарса болот. Социалдык жана гуманитардык билимдердин эң маанилүү ролу

ошондой эле кризистер, активдүү өзгөрүүлөр доорунда бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун алдыңкы функциясы катары белгилесек да болот.

Педагогикалык билим берүү системасынын негизги милдетиринин бири – бул туруктуу өнүгүү концепциясын ишке ашыруу үчүн билими бар, компетенциялары калыптанган, интеллектуалдык деңгээли жогору адис-кадрларды даярдоо. Бул жаңы билим берүү программаларын жана модулдарын иштеп чыгуу, билим берүү процессине жана окуучулар менен окуудан тышкаркы иштерге интеллектуалдык, руханий өнүгүү идеяларын жана принциптерин киргизүү аркылуу жетишилет.

Интеллектуалдык жана руханий өнүгүү үчүн билим берүү концепциясын ийгиликтүү ишке ашыруу анын гуманитардык компонентине таянмайынча мүмкүн эмес. Биздин оюбузча, ушул багытта билим берүүнүн моделин түзүү билим берүү программаларына жаңы дисциплиналарды киргизүүнү менен гана чектелбей, коомдун өнүгүүсү үчүн студенттердин жоопкерчилигин өнүктүрүүнү да камтышы зарыл.

Студенттердин, окуучулардын өз алдынчалыгын жана ой жүгүртүүнүн чыгармачылык активдүүлүгүн өстүрүүчү окуу-тарбия иштеринин маанилүү түрлөрү: тесттерди аткаруу, дил баян жазуу, практикалык көнүгүүлөргө даярдануу окуу пландарында каралышы же ушул багыттагы педагогикалык ишмердүүлүктүн мааниси артууда. Педагогикалык окуу жайларда жогорку деңгээли бар мугалимди даярдап чыгаруу – бул мугалимди даярдоо процессинин соңку гана этабы болуп саналат. Мугалимди даярдоого кеминде 20 жылдай убакыт кетет (мектеп, университет, магистратура ж.б.). Кыргызстанда жаны президент иштей баштаганга чейин мугалим эң аз айлык акы алган жумушчулардын категориясына кирчү, бул да анын даярдоо сапатына таасирин тийгизип келди. Финансылык ресурстардын чектелүүлүгү мугалимдерди сапаттуу даярдоого, алардын руханий жактан өнүккөн, гуманитардык илимдер жагынан сабаттуу болуп даярдалышына да кедергесин тийгизип келди. Азыр мугалимдердин айлык акысы көбөйүп, мугалим болууну каалагандардын саны өскөн учурда сапат жагына да көңүл бөлүү зарылдыгы жаралууда.

Педагогикалык окуу жайларда кадрларды даярдоо процессинде жаңы илимий адабияттарды пайдалануу, коомдук жана гуманитардык илимдер боюнча адистердин сапатуу иши жана ишинин жогорку деңгээли, окутуучу адистердин алдыңкы илимий борборлорго барышы, билим тажырыйба алуу иштерин жолго коюга убакыт келди. Илимий конференцияларга катышуу, алдыңкы китепканаларда иштөө сыяктуу атайын чаралар каралаган, күтүлгөн натыйжага жетүү үчүн зарыл болгон инфраструктураны түзүү керек. Ошондой эле педагогикалык ЖОЖдордун жана андагы окутуучуларынын ишине жогорку мотивацияны камсыз кылууда билим берүүнүн социалдык-гуманитардык бөлүгү боюнча иштер, гуманитардык илимдер багытында жетишкендиктерге артыкчылык берүү.

Азыркы постсоветтик мамлекеттердин көбүндө билим берүүнүн теориясы менен практикасында предметке багытталган парадигмадан гуманитардык багытка өтүү байкалууда. Гуманитардык билим берүүнүн өзгөчөлүгү анын окуучунун руханий ички дүйнөсүнө, субъективдүү реалдуулукка, конкреттүү инсанга багытталганында. Коомдук жана гуманитардык илимдер калыптангандан бери алардын максаты коомду таанып-билүү гана эмес, аны жөнгө салууга жана кайра курууга катышуу да жарыяланган. Бүтүндөй коом да, анын айрым чөйрөлөрү да изилденген, коомдук процесстерди башкаруунун белгилүү технологияларын табуу милдети коюлган. Коомдук таанып-билүүнүн методологиялык проблемалары белгилүү бир философиялык жана методологиялык идеяларга негизделген «маданият илимдеринин» алкагында активдүү өнүгүп келе баштаган.

Азыркы шарттарда адисти фундаменталдуу даярдоонун мааниси жогорулап жатат. Бул жеке инсандын жашоосу, кесип алуусу менен эле эмес, жалпы адамзат өнүгүп жаткан кезде чечүүгө тийиш болгон маселелрдин масштабы менен да шартталган. Глобалдык

мүнөздөгү татаал адекваттуу багыт берүү, андан да коомдук жашоо турмушка аң-сезимдүү катышуу үчүн адам ар тараптуу, айрыкча руханий-интеллектуалдык жактан өнүккөн жана жакшы билимдүү болушу керек.

Коомдук жана гуманитардык билимдердин гуманитардык компоненти өзгөчө рухий феномен катары изилдөөгө багытталган философиялык дисциплиналардын цикли менен берилген. Университеттин окуу курсунда тарых, маданият таануу, дин таануу, ар кандай философия илимдеринин атайын дисциплиналары менен катар – философиянын тарыхы жана теориясы, этика, эстетика, антропология, логика ж.б. предметтер - келечектеги адистердин инсандыгын интеллектуалдык, адеп-ахлактык жана эстетикалык жактан өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү максатында иштелип чыккан. Алардын мазумуну, жеткиликтүүлүгү, натыйжалуулугу улам жаңыланып, өнүктүрүлүп турушу зарыл. Философиялык билимдер илимий изилдөөлөрдү гана эмес, ошондой эле профессионалдык ишмердүүлүктүн көптөгөн түрлөрүн методологиялык камсыздоонун бир бөлүгү болуп саналат, алар теориялык конструкциялар жана прикладдык изилдөөлөр үчүн да зарыл.

Акыркы мезгилде Кыргызстанда жогорку окуу жайларында демократиялык салттарды жайылтуу процесси жүрүүдө. Бардык окуу дисциплиналарынын гуманитардык циклинде инсандын укугу жана милдеттери, маданияттын көп түрдүүлүгү каралып, универсалдуу жана локалдуу руханий байлыктарды пайдалануу аркылуу инсандын өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү иштери жүргүзүлүүдө. Жогорку билим берүү системасында окуу-тарбия жана маданий процессти гуманитаризациялоо профессионалдык даярдыгы, интеллектуалдык, руханий деңгээли жогору адистер талап кылынууда.

Бул жерде табият таануу жана коомдук-гуманитардык дисциплиналарды окуу процессинде гармониялуу айкалыштыруу гана инсандын ийгиликтүү профессионализациясынын ачкычы экенин да белгилей кетүү керек [2]. Азыркы татаал, динамикалуу дүйнөдө болуп жаткан процесстерди түшүнүү белгилүү бир ой жүгүртүү маданиятын, кругозорду талап кылат, ал социалдык-гуманитардык компонентти гана эмес, табият таануу аспектисин да камтыйт.

Демек, азыркы замандагы чыныгы кесипкөйлүк эки зарыл интеллектуалдык компоненттерди камтыйт:

- интеллектуалдык деңгээлди жогорулатуу, калыптандыруу, табияттын жана коомдун мыйзамдары жөнүндө кеңири билимди да, ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон атайын билимдерди да камтыган кругозорго, професионалдуулука ээ болуу. Бул процессте чечүүчү ролду кесиптик билим берүү ээлейт, анын зарыл компоненти инсандын руханий, инетллектуалдык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө көмөктөшүүчү жалпы гуманитардык даярдык болуп саналат;

- ой жүгүртүү маданиятын калыптандыруу, чыгармачылык жана өз алдынча татаал профессионалдык жана социалдык маселелерди чечүүгө жөндөмдүүлүктү калыптандыруу. Заманбап адистин интеллектуалдык өнүгүүсүнүн негизги элементи үзгүлтүксүз өзүн-өзү өркүндөтүү, чыгармачылык изденүү жана жаңылануу жөндөмдүүлүгү да болуп саналат.

Акыркы жылдары адистерди даярдоонун деңгээлине эмгек рыногунун талаптарынын тынымсыз өсүшү бизди профессиялык-техникалык билим берүү системасын дайыма өркүндөтүүгө мажбур кылууда. Кесиптик билим берүү жалпы билим берүү тармагынын негизинде өнүгүп, жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар киргизилүүдө. Кыргыз билим берүү системасын модернизациялоо стратегиясы бардыгы үчүн билим берүүнүн сапатына жетишүүгө, анын жеткиликтүүлүгүн жана массалык мүнөзүн кеңейтүүгө, өмүр бою билим берүү системасын түзүүгө багытталган [3]. Бул жолдо ийгиликтер да бар. Кыргызстан дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануууда, билим берүү мамлекеттик кызыкчылыктардын чөйрөсү бойдон калууда. Ал эми жогорку би-

лимге улуттук байлык катары мамиле кылуу коомдук аң-сезимде сакталуу. Бирок, жогорку билим алгандарга түзүлүүчү шарт, финансылык-экономикалык кырдаал тез өзгөрүүдө.

Билим берүү процессин гумандаштыруунун натыйжасы жалпы билим берүүчү билимдердин, атайын билимдердин жана рухий компоненттердин (адеп-ахлактык, эстетикалык жана социалдык баалуулуктардын) гармониялуу айкалышы болушу керек. Коомдук жана гуманитардык илимдер адамда профессионалдык проблемаларды кенен, бирок ошол эле учурда терең билүү жөндөмүн тарбиялайт, моралдык принцептердин баасын, актуалдуулугун түшүнүү мүмкүнчүлүгүн да ачып берет.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү боюнча Берлин декларациясы [Электрондук ресурс]. URL: https://ru.unesco.org/ (2021-жылдын 10-сентябры).

2. Риккерт Г. Науки о природе и науки о культуре // Культурология. XX век. Антология. – М., 1995.

3. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 токтомуна.